*УДК: 398.9*

***Стамалиева А.Б.,***
*И.Раззаков атындагы КМТУнун*
*ага окутуучусу*
***Стамалиева Э.Ж.,***
*И.Арабаев атындагы КМУнун*
*Манас таануу жана лингвистика институтунун*
*ага окутуучусу*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МАКАЛ-ЛАКАПТАРДЫН ЧЫККАН БУЛАКТАРЫ

# ПРОИСХОЖДЕНИЕ ПОСЛОВИЦ И ПОГОВОРОК В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

# THE ORIGIN OF THE KYRGYZ PROVERBS AND SAYINGS

***Анотация.*** *Бул макалада кыргыз тилиндеги макал-лакаптарынын келип чыккан негизги булактары көрсөтүлгөн: Алар: 1) Күндөлүк өтүп жаткан турмуштун негизинде пайда болгон макал-лакаптар. 2) Терме ырлардан пайда болуусу; 3) Кээ бир жомоктордон; 4) Эпостук чыгармалардан; 5) Кээ бир макал, лакаптардын табышмактардан жаралышы. 6) Адамдардын иштеген иштери, жүрүш-турушунун өзгөчөлүгү, адаттары, макал, лакапка айланып кетүүсү. 7) Акын, жазуучулардын чыгармаларындагы ыр үзүндүлөрүнөн макалдардын жаралышы. 8) Бир тууган элдердин макал, лакаптарынан; 9) Элдик үрп-адаттардын негизинде да макал, лакаптар пайда болгон.10) Жомоктогу башкы каармандар тарабынан айтылган же ошол башкы каармандарынын иштеринин жүрүш-турушунун мүнөздүү жерин көрсөткөн курч сөз тизмеги макал, лакапка айланып кетүүсү.*

***Түйүндүү сөздөр*: *макал, ылакап, кыргыз тил, адабият, күнүмдүк жашоо, үрп адат, жомок, эпос, табышмак, ыр;***

***Анотация.*** *В этой статьи были даны первоначальные источники появления пословиц и поговорок в кыргызском языке. Они следующие: 1) Пословицы и поговорки, которые взяты из повседневной жизни народа; 2) Взяты из народных песен; 3) Взятые из сказок; 4) Взятые из эпосов; 5) Взяты из загадок; 6) Поведения, привычки, профессии некоторых людей стали причиной появления пословиц и поговорок; 7) Некоторые пословицы и поговорки взяты из отрывков произведений акынов и писателей; 8) Из пословиц и поговорок соседних народов; 9) Народные обычаи стали причиной появления некоторых пословиц и поговорок; 10) Главные герои сказок, а также их проделенная работа, их поведения стали причиной появлений пословиц и поговорок.*

***Ключевые слова:*** *пословица, поговорка, кыргызский язык, литература, повседневная жизнь,обычаи, сказка, эпос, загадка, песня;*

***Abstract.*** *The article gives the original appearance of proverbs and sayings in Kyrgyz language. They are: 1) Proverbs and sayings which were taken from people daily life. 2) Taken from people's songs; 3) Taken from fairy tales; 4) Taken from epics; 5) Taken from riddles; 6) Behavior, habits, professions of some people were the reasons of appearance proverbs and sayings. 7) Some proverbs and sayings taken from the extracts of writers' poets' works. 8) From neighbor nations' proverbs and sayings; 9) Taken form People's customs; 10) Main heroes of fairy tales, their work, behavior were the reasons of appearance proverbs and sayings.*

***Key words:*** *proverb, idiom, Kyrgyz language, literature, daily life, customs, fairy tale, epic, riddle, song;*

Сөз башында, макал, ылакапка карата берилген аныктамаларга көз чаптырып өтсөк. Макалдар обьективдүү турмуштагы тажрыйбаларга таянып, тыянактуу ой корутундуну чыгарып, белгилүү бир пикирди толук билдирет. Алар көбүнчө тарбия-таалим мүнөздө келип, ыргактуу айтылат. Мисалы: «Аракет кылсан берекет», «Байлыкты эмгектен изде, теңдикти күрөштөн изде», «Бирөөгө күлөм деп, өзүн күлкүгө калба», «Ат мүдүрүлбөй жер таанытбайт, эр мүдүрүлбөй эл таанытбайт. Макалдын дагы башка аныктамасын карай турган болсок, анда макал деп коомдук турмуштун баардык жагын кучагына алуучу, адамдардын турмуштук тажрыйбаларынан алынган жана алардын дүйнөгө карата көз караштарын билдирип турган, тарбиялык мааниси терең, курч сөздүү, рифма жана ритмге ээ болгон, ойду бүтүрө айткан кыска поэтикалык сүйлөмдөрдү айтабыз. Алсак, «Жакшы кыз асмандагы жылдыз, жакшы уул жакадагы кундуз» деген кыргыз элибизде айтылып жүргөн жакшы бир макал буга мисал боло алат. Ал эми лакап деп кандайдыр бир окуянын негизинде же адамдардын жүрүш-турушунун, мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн жыйынтыктап, так, элестүү кылып берилген, өзүнчө чечилүүчү тарыхы бар, көбүнчө каймана мааниде айтылып, контекстке болсо, мүнөздүү ишти же окуяны чагылдырган, мааниси чечилүүчү, кыска, образдуу, сүйлөмдөрдү айтабыз. Алсак, «Күлүк ат жолун таппайбы, Жандай-жандай чаппайбы» деген байыркыдан калган элибизде бүгүнкү күнгө чейин айтылып жүргөн ылакапты мисал катары айта алабыз. Макал, лакаптар турмуш туундуларынан чыккан тууралыгы, чынчылдыгы, логикалык жактан так кеселиги, кимге, эмнеге багытталып айтылса да абдан элестүүлүгү, таамай, так айтылганы, кыскалыгы менен баалуу. Негизинен макал, лакаптар бири- биринен анчалык айырмалана бербейт жана турмуштун көп кырдуу көрүнүштөрүн кучагына алып, адам баласынын эс-акылынын шандуу элесин бардык жерден жаркыратып көрсөтүп турган, «адам оюнун, акыл-эсинин энциклопедиясы» деп да аталып жүрөт.

*Макал-лакаптардын эң негизги чыккан булактарын атасак:*

1. Күндөлүк өтүп жаткан турмуштун негизинде пайда болгон макал-лакаптар. Мындай макал-лакаптар сан жагынан өтө көп болуп, турмуштун баардык жагы менен байланышкан. Мисалы, байлык менен жардылык жөнүндө: «Байдан май чыкса, Кедейден туз чыгат», «Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт»; «Жоомарт жоктугун билбейт, күлүк ат токтугун билбейт»; .Соодагерчилик жөнүндө: «Алтыга сатып, бешке алган –соодагердин адаты». Дыйканчылык жөнүндө: «Эмне сепсең, ошону оросуң», «Эр эмгегин жер жебейт», «Жамгыр жааса – жерге сеп», «Көп көчкөн дарак бүр албайт», «Суунуку – сууга», «Таанытбаган жердин ой – чуңкуру көп»; Мал чарбасы жөнүндө: «Арык уйга жоон мүйүздүн кереги эмне», «Беймаал кыйкыргын корооздун башын кесмек парз болот»; «Бир тоокко да жем керек»; «Бир чыбык менен миң кой айдалат», «Эки кочкордун башы бир казанда кайнабай», «Эчки тууй албай жатып койго аначы болот»; Дин жөнүндө: “Кудайдын буйругу чачтан көп, аны аткарган киши жок”, «Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба».

2. Үгүт, насыят, терме ырлардын макал катары айтылып калышы.

Мисалы, Уста менен дос болсоң,
Нар кескенин аларсың.
Ууру менен дос болсоң,
Бир балээге калаарсың.

3. Кээ бир анекдот жомоктор ылакаптын пайда болушуна негиз болот. «Айланайын ала байтал, акылын болсо көлгө чап», д.у.с.ылакаптар буга мисал боло алат. Булардын чыгыш себебин чече келсек, күлкүлүү анекдот пайда болот. Мисалы, жогорудагы ылакаптын пайда болушу мындайча айтылат: Качандыр бир кездерде карапайым киши көл боюнан кууратган камыштан оруп, минип барган унаасына жүктөп, үйүнө келаткан болот. Баратып ал киши чылым чеккиси келип ширенке тартса, шамалдан улам өчүп калат. Анан байталын токтотуп, жүктөлгөн камыштан далдасына туруп, ширенке чакканда от куураган камышка жабыша түшүп, өрттөнүп кетет. Оттун жалынынан ала байтал үркүп, ээ-жаа бербей качып жөнөйт. Ошондо унаа ээси. «Айланайын ала-байтал, акылын болсо көлгө чап» деп артынан жүгүргөн имиш. Ошондон улам, бул карапайым кишинин башынан өткөн окуя элде ылакап болуп айтылып калган.

4. Эпостук чыгармалардан, тактап айтканда, андагы окуялардын негизинде макал, ылакаптар пайда болушу ыктымаал. «Кыргыз Кызарт ашканда, Казак кайың сааганда» (Кедейкан»)

5. Кээ бир макал, лакаптардын табышмактардан пайда болгону байкалат. Мисалы: «Суу атасы эмне?» деген табышмакка жооп – булак деп берилет. Бул «Суу атасы булак» деген макал болуп айтылып калган. Табышмактар компоненттешпей эле табышмактык жана лакаптык, макалдык мааниге да ээ болуп турат. Биз алардын табышмактык мааниде экенин же макал, лакап катарында колдонулуп жатканын контекстке карата билебиз. Табышмактык мааниде болгондо сөссүз түрдө суроо белги коюлат. Мисалы, мындагы табышмактык мааниден макал, лакаптык мааниге өткөн төмөнкү мисалдардан көрүүгө болот. «Эл жатса да, Элебай акем жатпайт», «Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар».

6. Кээ бир адамдардын иштеген иштери, жүрүш-турушунун өзгөчөлүгү, адаттары, макал, лакапка айланып кеткен учурлар кезигет. Мында адамдардын мифологиялык түшүнүктөрү көрсөтүлүүчү айрым адамдардын иштерин лакап катары айтып жүрүшөт. Мисалы: Ар нерсеге ыгы жок кайгыга түшө берген адамды «Асанкайгычыл» деп атап коюшкан. Элдин айтуусу боюнча айтылган мифте Асан деген адам буту жок сойлоп жүрөт деп жылаанга катуу кейиген, чөптүн сынып калганына да боору ачыган адам болгон деп айтылат. Азыркы учурда Асан деген кишинин аты кайгычыл деген сөздүн маанисин терендетип гана, ысмын (идеялык) ролун жоюп кеткен.

7. Кээ бир болгон эле адамдардын ар түрдүү сапаттарын билдирген макалдар бар. Алсак, алар: «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» (макал), «Шаршенче кайталап» (лакап).

8. Айрым көрүнүктүү акын, жазуучулардын чыгармаларындагы ыр үзүндүлөрүн эл макал, лакап катарында колдонуп кетишкен.

Мисалы: «Ырыс алды ынтымак», «Жакшы аттын көрку жал менен, Сулуунун көрку кал менен» (Токтогулдан).

9. Бир тууган элдердин макал, лакаптары кыргыз элинин макал, лакаптарынын байышынын негизги булактары болуп эсептелет. Бир тууган элдердин макал, лакаптары кыргыз элине эки жол менен кирген.

1) Экономикалык соода катнашы, айрым саякатчылар, территориялык жакындык, байланыш аркасында.

2) Жазма адабияттан котормо аркылуу киргендери. Мындай макал, лакаптар Совет бийлиги учурунда гана кирди. Бир элдеги кээ бир макал, лакаптарды башка элдикинен кезиктирүүгө болот. Мисалы: «Дүйнөнүн шамы –билим, жашоонун шамы эмгек»- (кыргыз )

«Knowledge is the light of the world, Labour is the light of the life»- (англис)

Адамдардын ар түрдүү улуттан экенине карабастан турмушка карата көз карашынын жалпылыгы бирдей болгондуктан мазмуну жактан окшош макал-лакаптар ар кыл элдерде пайда болушу ыктымаал. «Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө» (кыргыз), «Don't put off till tomorrow, what you can do today» (англис тилинен) - которулушу: "Бүгүн жасай ала турган нерсени эртеңки күнгө калтырба"; «Бир карын майды бир кумалак булгагандай» (кыргыз), «One bad apple spoils the whole bunch» (англис тилинен) - Которулушу: "Бир жаман алма бүткүл бутакты бузат"; «Оро албаган орок тандайт, чаба албаган чалгы тандайт», «A bad workman quarrels with his tools» (англис тилинен) -которулушу: "Жаман жумушчу өз куралдары менен урушат". «Коркокко кой башы кош көрүнөр», Worry often gives a small thing a big shadow. (англис тилинен) - которулушу: "Кичинекей нерсени чоң көлөкөгө айландырган бул санаа", «Карга карганын көзүн чукубайт». «Dog does not eat dog» (англис тилинен) - Которулушу: "Ит итти жебейт", «Чегирткеден корккон эгин экпейт» - Nothing ventured, nothing gained. (англис тилинен) - которулушу: "Тобокелге салбай эч нерсе ута албайсын". «Кол менен иштеген кылмышты мойнуң менен тартарсың» -You made your bed, now lie on it. (англис тилинен) - которулушу: "Өзүн салган төшөккө өзүн жат". "Жаны ачыгандын жанына барба" деген макал тегин эместир - Let sleeping dog's lie. (англис тилинен) – которулушу: "Уктап жаткан ит жата берсин".

Кээ бир макал, лакаптар ар түрдүү себептердин натыйжасында экинчи элдин фольклоруна кирип, эки элде тең айтылышы мүмкүн. Мисалы, «Абийиринди жашында сакта» (кыргыз), «Береги честь с молоду» (орус тилинен).

10. Элдик үрп-адаттардан болгон кошоктун негизинде да кээ бир макал, лакаптар пайда болгон. Мисалы: «Алганың жакшы жолукса, алтындан чырга сүйлөтөт. Алганың жаман жолукса, Алтындан чырга чаң болот» деген саптар кыз узатуудагы кошкон кошоктон алынган.

11. Жөө жомоктогу башкы каармандар тарабынан айтылган же ошол башкы каармандарынын иштеринин жүрүш-турушунун мүнөздүү жерин көрсөткөн курч сөз тизмеги макал, лакапка айланып кетет. Мисалы, «Кирген из бар, чыккан из жок» деген макал «Түлкү менен Арстан» жомогунан алынган.

***Адабияттар:***


1. *Алсеитов А. Макал-лакаптар. –Б., 2005.*
2. *Жаныбаева С. Англис, Кыргыз жана Түрк тилдеринин Макал-лакаптар сөздүгү. –Б., 2012.*
3. *Закиров С . Кыргыз элинин макал, лакаптары. –Ф., 1972.*
4. *Керимжанова Б. Кыргыздын макалдары, лакаптары жана учкул сөздөрү. –Ф., 1964.*
5. *Тажиева Г., Курманбекова А. Кыргыз макал, лакап жана учкул сөз түрмөктөрү. –Б., 2004.*